**УДК:070.41(575.2)(04)**
**DOI 10.53473/16946324_2023_3**

**Женишбек кызы Айсулуу**
Международыный университет Кыргызской Республики,
Преподаватель, аспирант НАН КР
**Жеңишбек кызы Айсулуу**
Кыргыз Республикасынын Эл аралык университети**,**
Окутуучу, КР УИАнын аспиранты
**Jenishbek kyzy Aisuluu**
International University of the Kyrgyz Republic
Teacher, ai-suluu.92@mail.ru. PhD student of NAS KR

## ПУБЛИЦИСТИКАНЫН ТЕОРИЯЛЫК – МЕТОДИКАЛЫК НЕГИЗДЕРИ

## ТЕОРЕТИКО – МЕТОДОЛОГИЧЕСКИЕ ОСНОВЫ ЖУРНАЛИСТИКИ

## THEORETICAL AND METHODOLOGICAL FOUNDATIONS OF JOURNALISM

***Аннотациясы:*** *Макалада азыркы мезгилдеги кыргыз басма сөзүндөгү публицистиканын теориялык – методикалык негиздер анализденген. Бул изилдөөдө саясий публицистиканын теориялык – методикалык негиздеринин берилиши көптөгөн басма сөз кыйынчылыктардын туулушуна алып келерин анализдөө менен аны чечүүгө кандай жолдор бар экендиги көрсөтүлдү.*

***Негизги сөздөр:*** *публицистика, саясий макала, проблема, интервью, жанр, саясий публицистика, факт, аргумент, теория, методика, геосаясий фактор.*

***Аннотация:*** *В статье анализируется теоретико – методологические основы публицистики сегодняшней кыргызской периодической печати. Определяются предполагаемые пути в решении трудностей большинства печатных СМИ, которые попали в результате большого обьема теоретико – методологической основы политической публицистики.*

***Ключевые слова:*** *публицистика, политическая статья, проблемы, интервью, жанр, политическая публицистика, факт, аргумент, теория, методика, геополитеческий фактор.*

***Abstract:*** *The article analyzes the theory and methodology of journalism in the modern Kyrgyz press. This study shows that the transfer of the theoretical and methodological foundations of a political journalist leads to a collision with many problems of the press, and what are the ways to solve them.*

***Key words:*** *publicism, political article, problem, interview, genre, political publicism, fact, argument, theory, methodology, geopolitical factor.*

Кыргыз публицистикасы өткөн кылымдын ортосунда өсүп – өнүгө баштаган. СССРдин таралышы менен өлкөбүздүн эгемендүү мамлекет болушу кыргыз элинин тарыхынын бир катар маселелери, бүгүнкү күндүн талабына ылайык өз баасын алуусуна жаңы мүмкүнчүлүктөр түзүлдү. Мурда басма сөз бир жактуу болуп, өкмөт үчүн гана иштеп келген болсо, эми эркин жеке менчик басылмалар жаралып ар тараптуу иштеп жатышат.

Ал эми бүгүнкү күндө журналистиканы үч жанрга бөлүп карайбыз. Көркөм – публицистикалык, маалыматтык жана аналитикалык жанр деп. Публицистика – деген сөз латын тилинен которгондо коомдук деген маанини түшүндүрөт. [1]. Башкача айтканда автор жазуучу же журналист көйгөйлүү коомдук саясий маселелерди чагылдырат.

Жеткиликтүү фактынын негизинде далилдөөлөр берилет. Публицистика жанры жазма адабиятынын пайда болушу менен жаралып, өнүгө баштады.

Алгачкы коомдук аң – сезимдин калыптанышында кыргыз эл акыны А.Токомбаевдин "Улуу орус эли", "Ким маданиятты жойгусу келсе, анын өзү жоюлат" аталышындагы макалалар алгачкы публицистикаларынын кадамдары [2]. Кыргыз эл жазуучусу белгилүү Чыңгыз Айтматовдун 1960-жылдардагы жазылган "Силер күнөөлүсүңөр жердештерим", "Сырдаштарыма сөз", "Бөдөнө аңдыгандар", "Мугалим – жаңылыктын энеси", "Зеравшан, Зеравшан, адамга таазим кыл!", "Алтын дарбаза" аталышындагы публицистикалык макалаларында ошол учур үчүн көйгөйлүү болгон маселелерди көтөрүп чыккандыгы белгилүү [3].

Мындан тышкары өзгөчө республикалык деңгээлдеги "Советтик Кыргызстан", "Ленинчил жаш" газеталар коомдогу оң жана тетири жагдайларды, ийгилик менен кемчиликтерди да талкууга алган макала, очерктерди жарыялап турчу. Коомчулукка таасир этүүнүн күчтүү курал болгон массалык маалымат каражаттарын колдонгон.

Ал эми саясий публицистика тууралуу сөз кыла турган болсок, анда анын мааниси терең, анткени ал коомдун саясий процесстерге катышуусун, мамлекеттик башкарууга таасир этүүсүн шарттай турган журналисттик ишмердик. Айрым изилдөөчүлөр көп учурда "саясат" деген түшүнүк менен байланыштуу карашат, себеби саясат тууралуу жетиштүү түшүнүк болмоюн, ал тематика жазып, маселе көтөрүү мүмкүн эмес. Саясий публицистика жөнүндө жазылган илимий изилдөө иштери жокко эсе. Улуттук журналистикада саясий публицистика – деген кадимки биз түшүнгөн "Саясат" дегендин тар маанисинде эмес, жалпы коомдук турмушка тийиштүү болгон мамлекеттик деңгээлдеги орчундуу маселелерди чагылдыруу экенин белгилөөгө болот. Бирок кандай болгон күндө да саясий публицистиканын негизин коомдук саясий турмушунун эң орчундуу жагдайларын талдоого алган макалалар түзөт. Саясий макаланын башкы максаты кайсы бир проблеманы алып чыгып, аны терең изилдеп, керек болсо теориялык жактан жалпылаштырып берүү. Саясий макала негизинен ар кандай лирикалык чегинүүлөргө жол бербей академиялык стилди катуу кармап жазылган публицистикалык жанр**.**[4]

"Саясат – бул мамлекеттик, коомдук башкаруунун искусствосу жана мамлекеттин формасын, милдет – максаттарын, түзүмүн, өнүгүү багытын аныктап турган социалдык институттардын ортосундагы мамиле, кызматташтык" – деп түшүндүрүлөт [5]. Демек саясий журналистика же саясий публицистика мамлекеттик башкаруудан тартып, анын таасири болгон бардык тармакты камтый алат. Ар кыл тармакты камтуу менен көтөргөн маселенин элге жеткиликтүү болушун камсыздоо үчүн чыгармачылык ыкмаларды колдонот. Ушундай артыкчылыгы менен өзгөчөлөнгөн тибине кирет. Көркөм адабияттын элементтерин колдонгону менен ошол эле мезгилде көркөм адабияттан айырмаланган учурлары бар. Бул жагынан алганда мазмундук тарабынан очеркке жакындашып кетүүсү да мүмкүн. Бирок очерктин көркөм элементтери саясий макалада кездешпейт. Айрым изилдөөчүлөр саясий макаланы илимий изилдөөгө жакындатышат. Мунун да себеби бар. Анткени, тигил же бул проблема дилилдүү анализден өтүшү керек. Тигил же бул газатанын курамына кирген бардык эле журналисттер саясий макала жаза бербейт. Көпчүлүк учурда сырттан жазышат.  Бул жанр өзүнө төмөнкү факторлорду камтыйт: Илимпоздор муну үчкө бөлөт.

1. Чагылдыруунун ыкмасы.
2. Чагылдыруунун милдети.
3. Чагылдыруунун предмети [6]

Албетте, чагылдыруунун предмети көптөгөн жанрларга туура келе берет жана милдети деле ошондой. Ал эми чагылдыруунун ыкмасы таптакыр башка болот. Жанрдык өзгөчөлүктөрүн мына ошол ыкма түзүп турат.  Очерк жазуу менен макала жазуунун ыкмалары бири-бирине окшобойт. Куш кабардан айырмаланып, ал маалыматты терең изилдөөгө алат. Бул жагынан алганда мазмундук тарабынан очеркке жакындашып кетүүсү дагы мүмкүн. Бирок очерктин көркөм элементтери саясий макалада кездешпейт. Айрым

изилдөөчүлөр саясий макаланы илимий изилдөөгө жакындатышат. Мунун да себеби бар. Анткени, тигил же бул проблема далилдүү анализден өтүшү керек. Тигил же бул газетанын курамына кирген бардык эле журналисттер саясий макала жаза бербейт. Көпчүлүк учурда сырттан жазышат. Алар белгилүү окумуштуулар, саясатчылар жана айрым жазуучулар. Айрым учурда мамлекет жетекчилери дагы тигил же бул орчундуу проблема боюнча макалаларды жазып, ошол өлкөнүн эң таасирдүү деген газеталарына басып чыгарышат. Анда өлкөнүн кайсы бир тармагы мамлекет жасай турган ишти, проблемаларды чечүүнүн жолдору көрсөтүлөт. Андай макалалар кеңири талкууга алынат, мисалдар келтирилет.

Маселен, 2012-жылдын башында Россиянын эң таасирдүү саясатчысы В.Путин “Российская газетада” Орус мамлекетин мындан ары өнүктүрүп кетүүгө арналган саясий макалаларынын сериясын жарыялаган. [7] Алардын бири Россиянын коргонуу кубаттуулугуна арналган. Анда керек болсо эң кубаттуу делген өлкөнүн биринин аскердик доктринасы чагылдырылды. Балким мындай мамлекет башчыларынын макалаларын жазып бергендер болор. Бирок Путин өзү айткандай анын макалаларын эч ким жазып бербейт, өзү гана даярдайт. 18 жыл Советтер союзун башкарган Леонид Брежиев өмүрүнүн акыркы жылдарында китеп жазганга абдан кызыккан жана берилген. “Кичи жер”, “Дың жер” деген сыяктуу бир катар публицистикалык китептерин жазган. Бирок СССР кулагандан кийин “Взгляд” программасы бул китептин чыныгы авторлорунан интервью алган. Көрсө, бул китептерди Советтер союзунун ошол кездеги эң чыгаан публицисттери жазган экен. В.Путиндин саясий макалалары эл аралык деңгээлде ар түрдүү реакцияларды жаратты. Мунун өзү түшүнүктүү. Себеби, геосаясий жактан күчтүү фактор болуп бараткан Россиянын аскердик күч кубаты кимди гана болбосун кайдыгер калтырбасы белгилүү. Демек, бул жерден биз өзгөчө маанидеги саясий макалалар сөзсүз түрдө окурмандардын ой – пикиринин жаратышы керек деген бүтүмгө кошулсак болот. Айрым изилдөөчүлөр белгилегендей саясий публицистиканы өзүнчө жанр катары караса да болот. Анткени саясий макалалар саясий жашоонун олуттуу, көйгөйлөрүн көтөрүп чыгат, ага окурмандардын көңүлүн бурат жана тийиштүү тараптарга белги берүү менен абалды жөнгө салып маселени чечүүгө бел байлайт. Көтөрүлгөн маселе канчалык курч болсо автор ошончолук терең изилдейт, ар тараптуу карап түйүндү чечүүнүн аракетинде болот. Ал эми автордун бул аракеттерин окурмандар да, тийиштүү социалдык жана мамлекеттик институттар колдоп кетиши үчүн материал алар өздөрү дагы ошол маселенин катышуучусу катары көрсөтүлүп, жалпыга тийиштүүдөй жазылып, маселе абдан кеңири чечмелениши зарыл экенин изилдөөчүлөр белгилешет. Эгерде саясий макалада баяндалган маселелерди көрүп билбеген же тааныгысы келбеген тарап көптүк кылып кетсе анда коюлган максаттын орундалышы оорго турары анык. Ошондуктан автордун башкы милдети маселени ар бирибиздин акылыбызга жеткирип, жүрөктөрдү ойготуп, анан кандайдыр бир аракеттерге үндөгөндөй макала даярдоодо. Болбосо анын натыйжасыз калышына автор өзү күнөөлү болоору толук мүмкүн. Анткени автордун кемчиликтери коюлган маселеге коомдун көңүлүн толук бурдура албайт. Экинчи жагынан чала иштелип чыккан макаладагы маселени өтө тереңден билген илимпоз же башка адис окуп кала турган болсо, анда автордун өзүнө жооп катары каршы макала жазылып, журналисттин койгон баштапкы максаттарын жокко чыгарышы толук мүмкүн. Демек, саясий публицистиканын башкы талабы деп жогоруда белгиленген максаттын өтө тактыгы, теманын ачык, жеткиликтүү берилиши жана ар бир берилген ойго же коюлган маселеге 3-4төн аргументти өзгөчө маанилүү.[7] Мунун өзү автордун позициясын бекемдеп көтөрүлгөн маселенин чындап орчундуу экенин, чындап ошол макалада баяндалгандай ахыбалда экенин көрсөтүүгө жана окурмандар массасын ишендирүүгө өтө керек. Адатта саясий публицисттерди коомдогу жалпы саясий – социалдык абалды оңдоп кетүүчү күч катары карашат. Анткени алар өздөрүнүн калеми менен коомду, мамлекетти бүтүндөй бүтүндөй бир организм бере турган адис сыяктуу кызмат кылышат. Бирок азыркы коомдогу саясий публицистиканын орду жана ролу жөн гана андай көйгөйлөрдү аныктап коюу менен гана чектелбей, аныкталган дартты дарылоодо экенин белгилөөгө болот. Ал үчүн журналист коом кайсы көрүнүштөрдү

жээрийт, кайсы жаңы нерселерди колдой турганын жана анын жакшы – жаман жактарын аныктап көрсөтүп берүү зарыл. Мисалы экономикалык маселени талдоого алган автор сөзсүз түрдө бул сектордун өзүнө тийиштүү болгон мыйзам ченемдүүлүктөрүн, калыптанып калган түшүнүктөрүн эске алат. Бирок адамдын физиологиясы тууралуу сөз кылганда бир канча кылым мурда жасалган ачылыштарга таяна берүү чоң ката болгондой эле, экономикада ондогон жылдардан бери келе жаткан эреже, түшүнүктөрдөн алыс кетпей жазыш эч кандай кызыгууну жарата албайт. Автор алган темасынын көйгөйлүү жагдайларын ачык тизмектеп берүү менен абалдан чыгуунун жолдорун, болгондо да жаңыча жолдорун сунуштаса, ошондо гана окурман андан жаңы нерсени үйрөнө алат.

Илимпоздор саясий публицистиканын жанрдык өзгөчөлүгү катары анын дайыма сын – пикирди камтып турарын айтышат. Анткени, саясий публицистика коомдук саясий турмушундагы тигил же бул жагдайларды талдоого алат. Ал эми кемчилик жактарды таап чыгып сынга албаган материал эч убакта талдоочулук касиетке ээ боло албайт. Ошондуктан саясий публицистика жаатында иштеген журналисттерди илимпоздор негиздүү, билимдүү сындаганга чакырат. Сын ар тараптуу далилденип, негизи болгондо жана журналист жеткиликтүү маани бере алганда гана таасирдүү болот. Эгер андай болбосо, журналисттин материалы жанрдык талаптарга толук жооп бербейт жана редакциянын же автордун өзүнүн беделин түшүндүрөт. Саясий публицистика жанрынын дагы бир өзгөчөлүгү журналист көп учурда коомдук айыптоочу катары чыгат. Анткени ал коомдук түзүлүштүн ички өзгөчөлүгүн, саясий абалды, маселе чечүүдөгү ачык дагы, жабык дагы механизмдерди жакшы түшүнүп жол көрсөтүүчү болушу керек. Бул үчүн фактыларды келтирип, окуяларды баяндап, коомдук маанайды белгилөө менен айрым маселелер боюнча алдын ала божомолдорду дагы келтирсе болот. Бирок чагымчылдык мүнөзгө ээ болуп калбашы үчүн андай божомолдор дагы өтө кылдат келтирилип, коркутуу эмес кооптонуу маселесин пайда кылгандай нукта болушу шарт. Адистер белгилегендей көп учурда журналист талдап жаткан темадагы айрым маселени өтө так бериш үчүн сөз курай албай калган учурда, ой бүтүмү жетпей алсыз болуп калганда ал жалпы маанидеги сөздөргө өтөт. Сөздүн дефицити канчалык курч болсо жазылган сөздөрдөгү пафос, эмоция көбөйүп, катуу айтылганы менен артында эч нерсе маани же ишеним жарата албаган сүйлөмдөргө басым жасалып калат. Бирок окурмандардын арасында ошончолук пафос менен эмоцияны жарата албай калышы мүмкүн. Себеби, өзү жашап турган чөйрөдөгү абал ага тааныш. [8] Маселеге тийиштүү фактыларга ал өзү дагы кабылып жүргөн. Демек, жалпы сөз менен анын ишенимин арттырып алуу мүмкүн эмес. Качан гана автор окурмандын оюнда турган нерсени так, түз, далилдүү айтып бере алса гана ага болгон ишеничи пайда болот. Адам окуган макаладан таасир алат. Ага жараша жеке чечимин чыгарат. Окурман жөн гана маалымат алуучу эмес. Ал макалада берилген ар бир ойду талап кабыл ала турган тарап. Ал окуган маалыматтардын өзү көрүп билген чындык менен салыштырып карайт. Өзүнүн маалыматтарына канчалык туура келерин аныктап, өзүн окуп жаткан маалыматтарга ишендирип, акыл көрөңгөсүн толуктаганга аракет жасайт. А эгерде автор жогоруда айтылгандай жеке көз карашын таңуулап, коомчулук таразалап ала тургандай фактыларды, аргументтерди келтире албаса, айткан божомолдордун автордун өзүнүн гана пикири болуп, ал кандайдыр бир кызыкчылык үчүн кызмат кыла тургандай маанайды жаратса, анда окурман макаланын маанисине сүңгүп дагы кирбейт, жазылган фактылардын чын – төгүнүн териштирбестен туруп аны четке кагууга аракет жасайт. Ошондуктан саясий макаланы жазууда факты, ага толуктоочу болуп бере турган маалыматтар, ар бир табылган маалыматты же фактыны чечмелеп, бекемдеп, ишеним жаратуучу аргументтерди жетиштүү колдонуу менен реалдуу картинаны бериш коомдун автордун алдына койгон талабы. Саясий публицистика окурмандар үчүн жасалган журналсттик эмгек.

Журналисттердин жанрдык өзгөчөлүктөрдү өздөштүрүп алуусу, анын чыгармачылыгынын терең болушуна шарт түзөт. Негизинен жанрдын спецификасын түшүнүү жеке эле авторго эмес, окурманга да керек. Публицистикалык материалдардын

жаратып жаткан учурда жанрдык ыкмаларды колдонуу эң негизки ролду ойноп кетет. Себеби, бүгүнкү күнгө чейин газета журналдарга чыккан материалдардын негизки милдети окурманды өзүнө тартуу. Аны формага салмайын жана окурманды аикызыктыруучу элементтерди тапмайын бул милдет ишке ашпайт. Журналистикада чагылдыруунун үч негизки ыкмасы бар, муну эксперттер минтип белгилейт.

1. Фотографиялык ыкма.
2. Аналитикалык ыкма.
3. Образдуу ыкма [9].

Биринчи ыкма менен окуянын кайда, кантип болгондугун чагылдыруу мүмкүнчүлүгү бар. Ал эми экинчиси болсо, жөн гана чагылдырбастан, окуянын келип чыгыш себептерин изилдейт. Үчүнчү ыкма болгон образдуу чагылдыруунун максаты кичине башкачараак. Ал жеке эле сырткы көрүнүштү чагылдырып эмес, окурманга эмоционалдык таасир этүүнү көздөйт. Кээде мындай жалпылаштыруу публицистиканы көркөм адабиятка жакындаштырат. Мезгилдин тарыхын жаза турган саясий публицистика мына ушул үч ыкманы тең өзүнө камтышы керек. Биринчиден, окуяны так чагылдыруу. Экинчиден, анын келип чыгыш себептерин изилдөөсү. Эң негизкиси окурманга жеткидей кылып эмоционалдык боектор менен берүү. Мына ушунун бардыгын өзүнө камтыган саясий публицистикалык чыгарма гана окурманга жетет деп эсептесек болот. Жанрлардын диапазону жана чагылдыруу ыкмалары абдан эле арбын. Ал эми тематикалык ар түрдүүлүгүн бүгүнкү күнү кайсы гана газетаны алып окуп отуруунун кажети жок. Жөн гана темаларын бир сыйра көз жүгүртсөк, ал эмне болгон басылма экендиги даана байкалат.

Мына ушул өзгөчөлүктөр саясий публицистикалык стилдин системасын түзөт. Дагы бир өзгөчөлүгү адабий тилдин лексикасын кеңири колдонуу. Мезгилдүү басма сөздө чыккан бардык эле тексттер саясий публицистикалык стилге жооп бербейт. Бул нерсе журналист газетадагы же журналдагы макалада кандайдыр бир коомдук – саясий, социалдык окуяны же маселени даана чагылдырса гана көрүнөт. Публицистика жалпылап алынган маанисинде кийинки мезгилде далай басма сөз изилдөөчүлөрдүн темасына айланды. Эң эле көп изилденгени анын жанрдык түзүмү өзгөчө маани берилген жанры очерк болуп саналат. Фельетон жанры болсо, ага караганда азыраак изилденген. Жанрды азыркы журналисттер сейрек колдонушат.

**Колдонулган адабияттар**


1. Кыргыз улуттук энциклопедиясы, 6-том, 178-бет
2. Ф.: Кыргызмамбас, 1943. – 23 б.
3. Биз дүйнөнү жаратабыз, дүйнө бизди жаратат: Макалалар, маектешүүлөр, сүйлөгөн сөздөр. - Ф.: Кыргызстан,1988. - 400 б.
4. Розенталь Д.Э. Значение и смысл слова; художественная речь и публицистика.- М., 1987. – 110 с.
5. 7-ноябрь – басма сөз күнүнө жана “Кыргыз туусу” гезитинин 90 жылдыгына карата макалалар жыйнагы. Бишкеке 2014, 9- бет
6. Стилистика газетных жанров/ Под ред. Д.Э.Розенталя. – М.: Изд-во МГУ, 1981.
7. Репортердук иш жана газеталык жанрлар/ А.Р.Түмөнбаев.- Б.2020.-160б.
8. Е.П.Прохоров. Введение в теорию журналистики: Учебное пособие.- М: Рип – Холдинг,1998.-310 с.
9. В.В.Путин. Российская газета.Макала.2012.13-февраль.